БАНК КОМПАНЬОН

# СберБанк Онлайн тиркемесинен Компаньон тиркемесине, ошондой эле Компаньон банкында чыгарылган ЭЛКАРТ жана VISA карталарына эл аралык акча которуулар боюнча

## Акция

| | | |
|---|---|---|
| **1.АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ШАРТТАРЫ** | | |
| **1.1.** | **Акциянын Уюштуруучусу** | «Компаньон Банкы» ЖАК (мындан ары - Банк) |
| **1.2.** | **Акцияны өткөрүү мөөнөтү** | Башталган күнү: **01.07.2023-ж.**<br>Аяктаган күнү: **31.12.2023-ж.**<br>**Мезгил аралык этаптар:**<br>**1. 01.07.2023-ж.-31.08.2023-ж.**<br>**2. 01.09.2023-ж.- 31.10.2023-ж.**<br>**3. 01.11.2023-ж.- 31.12.2023 ж.**<br>**Акциянын финалдык этабы:**<br>**01.07.2023-жылдан 31.12.2023-жылга** чейинки акциянын бүткүл мезгилинин жыйынтыгы чыгарылат. |
| **1.3.** | **Акциянын түрү** | Акция түрткү берүүчү лотерея болуп саналбайт, Акциянын жеңүүчүсүн аныктоодо кокустуктар принциби (жеңүүчүнү эркин тандай турган алгоритмди колдонуу) алынып салынган. |
| **1.4.** | **Акциянын катышуучулары** | Акцияга бардык жеке жактар – 16 жашка чыккан КРнын бардык жарандары жана резидент эместер катыша алат.<br><br>**Акцияга Компаньон Банкынын кызматкерлери, кызматкерлердин жубайлары жана кызматкерлердин биринчи катардагы жакын туугандары** (ата-энеси, балдар, асырап алуучулар, асырап алынгандар, ата-энеси бир жана ата-энеси башка эркек жана кыз бир туугандар, чоң ата, чоң эне, таята, таене, неберелер) **катышпайт.** |
| **1.5.** | **Акциянын өткөрүлүшүн көзөмөлдөө боюнча комиссия** | Акциянын өткөрүлүшүн көзөмөлдөө максатында Банк, Банк Башкармасынын мүчөлөрүнөн турган комиссия Түзөт. |
| **2.КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ АНЫКТОО** | | |
| **2.1.** | **Шарттар** | 2.2.1. Акцияга катышуу үчүн Россиядан Сбербанк Онлайн тиркемесинен Компаньон Банкы тарабынан чыгарылган ЭЛКАРТ жана VISA карталарына жана/же Компаньон мобилдик тиркемесине телефон номери боюнча акча которууларды алуу зарыл.<br><br>*СберБанк онлайн тиркемесинен Компаньон тиркемесине жана ЭЛКАРТ/ VISA карталарына которууларды жөнөтүү жана алуу боюнча толук нускама менен www.kompanion.kg расмий сайтында жана Акциянын шарттарына карата 1-Тиркемеден таанышууга болот.* |

| | | |
|---|---|---|
| **2.2.** | **Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби жана критерийлери** | 2.2.1. Акциянын ар бир 3 этабынан **40 (кырк) жеңүүчү** эки номинация боюнча аныкталат:<br>**1. алынган которуулардын эң чоң көлөмү (суммасы) боюнча – 20 (жыйырма) жеңүүчү.**<br>**2. алынган которуулардын эң көп саны боюнча – 20 (жыйырма) жеңүүчү.**<br><br>2.2.2. Акциянын **Финалдык эки жеңүүчүсү** **Акциянын бүткүл мезгили үчүн аныкталат**:<br>**1. алынган которуулардын эң чоң жалпы көлөмү боюнча – 1 (бир) жеңүүчү.**<br>**2. алынган которуулардын эң көп жалпы саны боюнча – 1 (бир) жеңүүчү.**<br><br>**Жеңүүчүлөрдү аныктоонун башка критерийлери:**<br>• Акцияга ар бири 1 000 сомдон жогору бардык акча которуулар катышат.<br>• Эки номинация боюнча жеңүүчүлөрдүн рейтингине ар бир этапта көлөмү(суммасы) 50 000 сомдон кем эмес акча которууларды алган кардарлар кирет.<br>• Которууларды карталарга жана/же мобилдик тиркемеге алууга болот. Компаньон мобилдик тиркемесине жана Компаньон банкында чыгарылган карталарга алынган которуулар кошулат.<br>• Эгерде Акциянын жыйынтыгы боюнча которуулардын саны боюнча номинацияда бир байгелүү орунга которуулардын саны бирдей болгон эки же андан көп Жеңүүчү болсо, анда алардын ичинен бир мезгил ичинде которуулардын көлөмү көбүрөөк болгон катышуучу байге ээси болуп таанылат.<br>• Эгерде Акциянын жыйынтыгында которуулардын көлөмү боюнча номинацияда бир байгелүү орунга которуулардын көлөмү бирдей болгон эки Жеңүүчү болсо, анда которуулардын саны көбүрөөк болгон катышуучу байге ээси деп таанылат.<br>• Спекуляциялык операциялар аныкталган учурда Банк Комиссиянын Чечими менен жыйынтыктарды эсептөө шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана мындай операцияларды Акцияга катышуудан чыгаруу укугун өзүнө калтырат. |
| **2.3.** | **Акциянын байгелери:** | 2.3.1. **Акциянын жеңүүчүлөрү төмөнкү байгелерге ээ болот**:<br>**1- ЭТАП** |

| **1-ЭТАП. Которуулардын эң көп саны боюнча** | | **1-ЭТАП. Которуулардын эң чоң көлөмү боюнча** | |
|---|---|---|---|
| **Орун** | **Байге** | **Орун** | **Байге** |
| **1** | iPhone 14 Pro Max/256 GB | **1** | iPhone 14 Pro Max/256 GB |
| **2** | Телевизор | **2** | Телевизор |
| **3** | Ноутбук | **3** | Ноутбук |
| **4** | Муздаткыч | **4** | Муздаткыч |
| **5** | Кир жуучу машина | **5** | Кир жуучу машина |
| **6** | Samsung смартфону | **6** | Samsung смартфону |
| **7** | Чаң соргуч | **7** | Чаң соргуч |
| **8** | Велосипед | **8** | Велосипед |
| **9** | Samsung Galaxy Tab A8/128 GB планшети | **9** | Samsung Galaxy Tab A8/128 GB планшети |
| **10** | Микротолкундуу меш | **10** | Микротолкундуу меш |
| **11** | Электрондук эт туурагыч | **11** | Электрондук эт туурагыч |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **12** | Акылдуу саат | **12** | Акылдуу саат |
| **13** | Зымсыз кулакчын | **13** | Зымсыз кулакчын |
| **14** | Электр чайнеги | **14** | Электр чайнеги |
| **15** | Блендер | **15** | Блендер |
| **16** | Үтүк | **16** | Үтүк |
| **17** | Bluetooth колонкасы | **17** | Bluetooth колонкасы |
| **18** | Power Bank | **18** | Power Bank |
| **19** | Термос | **19** | Термос |
| **20** | Рюкзак | **20** | Рюкзак |

**2-ЭТАП**

| **2-ЭТАП. Которуулардын эң көп саны боюнча** | | **2-ЭТАП. Которуулардын эң чоң көлөмү боюнча** | |
|---|---|---|---|
| **Орун** | **Байге** | **Орун** | **Байге** |
| **1** | iPhone 14 Pro Max/256 GB | **1** | iPhone 14 Pro Max/256 GB |
| **2** | Телевизор | **2** | Телевизор |
| **3** | Ноутбук | **3** | Ноутбук |
| **4** | Муздаткыч | **4** | Муздаткыч |
| **5** | Кир жуучу машина | **5** | Кир жуучу машина |
| **6** | Samsung смартфону | **6** | Samsung смартфону |
| **7** | Чаң соргуч | **7** | Чаң соргуч |
| **8** | Велосипед | **8** | Велосипед |
| **9** | Samsung Galaxy Tab A8/128 GB планшети | **9** | Samsung Galaxy Tab A8/128 GB планшети |
| **10** | Микротолкундуу меш | **10** | Микротолкундуу меш |
| **11** | Электрондук эт туурагыч | **11** | Электрондук эт туурагыч |
| **12** | Акылдуу саат | **12** | Акылдуу саат |
| **13** | Зымсыз кулакчын | **13** | Зымсыз кулакчын |
| **14** | Электр чайнеги | **14** | Электр чайнеги |
| **15** | Блендер | **15** | Блендер |
| **16** | Үтүк | **16** | Үтүк |
| **17** | Bluetooth колонкасы | **17** | Bluetooth колонкасы |
| **18** | Power Bank | **18** | Power Bank |
| **19** | Термос | **19** | Термос |
| **20** | Рюкзак | **20** | Рюкзак |

**3-ЭТАП**

| **3-ЭТАП. Которуулардын эң көп саны боюнча** | | **3-ЭТАП. Которуулардын эң чоң көлөмү боюнча** | |
|---|---|---|---|
| **Орун** | **Байге** | **Орун** | **Байге** |
| **1** | iPhone 14 Pro Max/256 GB | **1** | iPhone 14 Pro Max/256 GB |
| **2** | Телевизор | **2** | Телевизор |
| **3** | Ноутбук | **3** | Ноутбук |
| **4** | Муздаткыч | **4** | Муздаткыч |
| **5** | Кир жуучу машина | **5** | Кир жуучу машина |
| **6** | Samsung смартфону | **6** | Samsung смартфону |
| **7** | Чаң соргуч | **7** | Чаң соргуч |
| **8** | Велосипед | **8** | Велосипед |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>
<table>
<tr><td>9</td><td>Samsung Galaxy Tab A8/128 GB планшети</td><td>9</td><td>Samsung Galaxy Tab A8/128 GB планшети</td></tr>
<tr><td>10</td><td>Микротолкундуу меш</td><td>10</td><td>Микротолкундуу меш</td></tr>
<tr><td>11</td><td>Электрондук эт туурагыч</td><td>11</td><td>Электрондук эт туурагыч</td></tr>
<tr><td>12</td><td>Акылдуу саат</td><td>12</td><td>Акылдуу саат</td></tr>
<tr><td>13</td><td>Зымсыз кулакчын</td><td>13</td><td>Зымсыз кулакчын</td></tr>
<tr><td>14</td><td>Электр чайнеги</td><td>14</td><td>Электр чайнеги</td></tr>
<tr><td>15</td><td>Блендер</td><td>15</td><td>Блендер</td></tr>
<tr><td>16</td><td>Үтүк</td><td>16</td><td>Үтүк</td></tr>
<tr><td>17</td><td>Bluetooth колонкасы</td><td>17</td><td>Bluetooth колонкасы</td></tr>
<tr><td>18</td><td>Power Bank</td><td>18</td><td>Power Bank</td></tr>
<tr><td>19</td><td>Термос</td><td>19</td><td>Термос</td></tr>
<tr><td>20</td><td>Рюкзак</td><td>20</td><td>Рюкзак</td></tr>
</table>
ФИНАЛДЫК ЭТАП
Жеңүүчүлөр Акциянын бүт мезгилинде алынган которуулардын эң көп саны жана эң көп көлөмү (сумма) боюнча аныкталат:
<table>
<tr><th colspan="2">ФИНАЛДЫК ЭТАП.<br>Которуулардын эң көп <u>саны</u> боюнча</th><th colspan="2">ФИНАЛДЫК ЭТАП.<br>Которуулардын эң чоң <u>көлөмү</u> боюнча</th></tr>
<tr><th>Орун</th><th>Байге</th><th>Орун</th><th>Байге</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Мальдив аралдарына 2 кишилик саякат</td><td>1</td><td>Мальдив аралдарына 2 кишилик саякат</td></tr>
</table>
2.3.2. КРнын мыйзамдарына ылайык, Акция боюнча байгелерди алуу менен байланышкан салыктык төлөмдөрүн Акциянын уюштуруучусу өзүнө алат.
</td></tr>
<tr><td>2.5.</td><td>Акциянын жыйынтыгын чыгаруу мөөнөтү</td><td>
Жыйынтык чыгаруу:<br>1-этап- 2023-жылдын 15-сентябрына чейин.<br>2-этап- 2023-жылдын 15-ноябрына чейин.<br>3-этап- 2024-жылдын 19-январына чейин.<br>Финалдык (акциянын бүтүндөй мезгили боюнча) 2024-жылдын 19-январына чейин.
Сыйлоо:
Жыйынтыктар расмий сайтта жарыялангандан кийин 10 иш күндүн ичинде (байгелерди жана баш байгеге сертификаттарды тапшыруу).<br>Финалдык этаптын жеңүүчүлөрү үчүн толук маалымат 3.2.5.-3.2.6 пункттарда.
</td></tr>
<tr><td colspan="3">3. АКЦИЯНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮН МААЛЫМДОО ЖАНА СЫЙЛОО ТАРТИБИ</td></tr>
<tr><td>3.1.</td><td>Акциянын жыйынтыгы тууралуу жеңүүчүлөрдү маалымдоо</td><td>
3.1.1. Банк жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыктары тууралуу "Компаньон" тиркемесинде катталуу учурунда же картаны алууда көрсөтүлгөн телефон номери аркылуу акциянын жыйынтыгы чыгарылгандан кийин 5 (беш) иш күнү ичинде түздөн-түз билдирет.<br>3.1.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси Акциянын жыйынтыгы чыккандан кийин 5 (беш) иш күндүн ичинде банктын ("Компаньон Банкы" ЖАК) расмий сайтында www.kompanion.kg жарыяланат.<br>3.1.3. Банкка байланыш маалыматтарынын (Аты-жөнү, байланыш телефондорунун номерлери ж.б.) так, туура берилиши жана берилген маалыматтардын аныктыгы үчүн жоопкерчилик Акциянын Катышуучусунда.
</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| | | 3.1.4. Эгерде көрсөтүлгөн байланыш маалыматтары аркылуу Акциянын жыйынтыгын чыгарган учурдан тартып 10 (он) календардык күндүн ичинде Акциянын катышуучусу менен байланышууга/маалымдоого мүмкүн болбосо, катышуучу Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмесинен чыгарылат. |
| **3.2** | **Акциянын жеңүүчүлөрүн сыйлоо** | 3.2.1 Акциянын жеңүүчүлөрүн сыйлоо жыйынтыктар жарыяланган күндөн тартып 10 (он) иш күндүн ичинде ишке ашырылат. Эгерде Акциянын жеңүүчүсү сыйлоо аземине катыша албаса, ал акциянын жыйынтыктары/этаптары чыгарылган күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде Банктын филиалына же сактык кассасына кайрылып, байгени ала алат.<br>3.2.2 Байгелер паспорт же ID карт бар болуп, көрсөтүлгөн учурда берилет.<br>3.2.3. **Акция боюнча байгелердин акчалай эквиваленти накталай/накталай эмес түрдө берилбейт.**<br>3.2.4. Эгерде экинчи же үчүнчү этаптагы жеңүүчү мурунку этаптагыдай сыйлык ордун ээлесе, анда ал байгени ээлеген орунга баасы барабар башка байгеге алмаштырууга укуктуу. Финалдык этаптын жеңүүчүлөрүнүн байгелери башкага алмаштырылбайт.<br>3.2.5. "Мальдив аралдарына саякат" сыйлыгы 2 кишилик берилет. "Мальдив аралдарына 2 кишилик саякат" байгесин утуп алган финалдык этаптын жеңүүчүлөрү байгени өткөрүп берүүгө (тур таризделгенге чейин, жеңүүчүнүн жазуу жүзүндөгү тастыктоосу зарыл) жана турду жубайына жана/же биринчи катардагы жакын тууганына (ата-энеси, балдар, асырап алуучулар, асырап алынгандар, ата-энеси бир жана ата-энеси башка эркек жана кыз бир туугандар, чоң ата, чоң эне, таята, таене, неберелер) тариздөөгө укуктуу. Сапарга чыккан экинчи адам- жубайы, жакын тууганы болушу мүмкүн же жеңүүчү менен эч кандай тууганчылыгы жок болушу мүмкүн.<br>3.2.6. "Мальдив аралдарына 2 кишилик саякат" баш байгесин утуп алган Акциянын жеңүүчүлөрү 2023-жылдын январынан май айына чейинки аралыкта (кошо алганда) өз байгесин ишке ашыра алат, башкача айтканда саякатка чыга алат.<br>• Саякаттын так даталары Банк менен биргеликте талкууланат жана аныкталат.<br>• Банк тарабынан туристтик агенттиктен 2 (эки) адамга 2 (эки) тур гана түзүлөт жана сатып алынат.<br>• Саякаттын жерин өзгөртүү акциянын шарттарында каралган эмес, жолдомо жарыяланган багыт - Мальдив аралдары боюнча гана түзүлөт.<br>• Саякат акциянын жеңүүчүсүнө же ал тараптан таризделген адамга карата гана уюштурулушу мүмкүн (3.2.5-пунктту караңыз) жана анын (ошондой эле аны коштоп жүргөн адамдын) саякатты брондоо учурунда жана сапар учурунда жарактуу чет өлкөлүк паспорту болушу керек. Паспорттун мөөнөтү сапар аяктаган күндөн 6 (алты) айдан кем эмес болушу керек.<br>• Турга төмөнкүлөр кирет: мейманканада 8 күн/7 түн болуу, эртең мененки тамак, медициналык саякаттын негизги камсыздандыруусу.<br>• Банк документтерди тариздетүүнүн коштоосу (паспорт ж.б.) жана документтерди тариздетүүдө, ошондой эле түздөн-түз сапар учурунда жеңүүчүлөр тарткан ар кандай башка макулдашылбаган чыгымдар жана зыяндар үчүн жоопкерчилик тартпайт.<br>• Туристтик агенттиктин өзүнүн талаптары жана шарттары болушу мүмкүн, алар сапарды түзүүдө жеңүүчүлөр менен милдеттүү түрдө сүйлөшүлөт. |

| 4. АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТЫ ЖАЙЫЛТУУ | | |
|---|---|---|
| **4.1.** | **Каналдар** | Акциянын шарттары, жыйынтыктары, кулактандыруулар, жарнамалык материалдар төмөнкү каналдар аркылуу жарыяланат:<br>• Банктын расмий www.kompanion.kg интернет-сайты;<br>• Банктын социалдык тармактардагы расмий аккаунттары (Facebook, Instagram, Twitter ж.б.);<br>• Маалыматтык-оюн-зоок интернет-сайттары жана банктын өнөктөштөрүнүн сайттары жана алардын социалдык тармактардагы аккаунттары;<br>• Башка ар кандай маалымат каражаттары. |
| **4.2.** | **Акция тууралуу публикациялар** | Акцияга катышуу Уюштуруучу тарабынан Акциянын жеңүүчүлөрүнүн аты-жөнүн, байге ордун, байгесин, Акциянын жеңүүчүлөрүнүн сүрөтүн каалаган массалык маалымат каражатына жайгыштырууга макулдук берүүнү билдирет. |

*СберБанк Онлайн тиркемесинен Компаньон тиркемесине жана Компаньон Банкында чыгарылган ЭЛКАРТ менен VISA карталарына эл аралык которуулар Акциясынын шарттарына*

**1-ТИРКЕМЕ**

**КОТОРУУЛАР БОЮНЧА ЧЕКТӨӨЛӨР**

| | **1 транзакция үчүн сумма** | **1 күндөгү транзакциялар боюнча сумма** | **1 айдагы транзакциялар боюнча сумма** |
|---|---|---|---|
| **ЭЛКАРТ жана VISA карталарына которуулар** | 150 000 рублга чейин | 150 000 рублга чейин | 1 500 000 рублга чейин |
| **КОМПАНЬОН тиркемесине которуулар** (**аралыктан идентификациялоону** өткөн кардарлар үчүн) | 100 000 сомго чейин | 100 000 сомго чейин | 100 000 сомго чейин* |
| **КОМПАНЬОН тиркемесине которуулар** (кеңседе **толук идентификациялоону** өткөн кардарлар үчүн) | 150 000 рублга чейин | 150 000 рублга чейин | 1 500 000 рублга чейин |

**Ошол эле учурда, Компаньон мобилдик тиркемесиндеги калдыктын максималдуу суммасы (электрондук капчыктын балансында, анын ичинде башка операциялар боюнча капчыкка/капчыктан жүгүртүүнү кошкондо) айына 100 000 сом.*
*Акча которуулардын көлөмү боюнча жана тиркеменин максималдуу калдыгынын лимиттерин көбөйтүү үчүн Компаньон мобилдик тиркемесинин аралыктан идендификацияланган колдонуучулары Банктын кеңселеринде толук идентификациялоодон өтө алышат.*

**БАНК КОМПАНЬОН**

## КОТОРУУНУ КАНТИП ЖӨНӨТҮҮГӨ БОЛОТ

| | |
|---|---|
|   1. “СберБанк Онлайн” тиремесинде “Төлөмдөр” дегенди тандоо. |   2.Андан кийин “Чет өлкөгө”. |
|   3.“Телефон номери боюнча” -“Киргизия” (картага/эсепке) |   4.ЭЛКАРТ жана VISA карталарына которуу үчүн, алуучунун төлөм картасына байланган телефон номерин терүү керек жана “Компаньон Банк”ты тандоо зарыл. |




**5. Компаньон тиркемесине которуу үчүн алуучунун Компаньон тиркемесинин номерин киргизип жана "Компаньон капчыгы" дегенди тандоо керек.**

**Которуу Компаньон Банкынын алмашуу курсу боюнча автоматтык түрдө сомго конвертацияланат. Валютанын курсун жөнөтүүчү которууну аткарып жатканда Сбербанк Онлайн тиркемесинде көрөт.**

***Артыкчылыктар:***

- ✓ ***Которуу үчүн комиссия 0%.***
- ✓ ***Которууларды төлөм карталарынан накталоо (чыгарып алуу)- Кыргызстандын каалаган банкоматынан 0%.***
- ✓ ***Бүткүл Кыргызстан боюнча Компаньон Банкынын агенттеринен 5 000 сомго чейин накталоо мүмкүнчүлүгү.***
- ✓ ***Пайдалуу конвертация курсу.***

## КОТОРУУНУ КАНТИП АЛУУГА БОЛОТ

| КОМПАНЬОН МОБИЛДИК ТИРКЕМЕСИНЕ | ЭЛКАРТ ЖЕ VISA ТӨЛӨМ КАРТАЛАРЫНА |
|---|---|
| **1."Компаньон"** мобилдик тиркемесин жүктөп, **идентификациялоодон өтүү керек**.<br><br>2. Жөнөтүүчүгө **Компаньон тиркемесинин номерин** билдирүү керек.<br><br>3. Тиркеменин балансына түшкөн акча каражаттарын текшерүү:<br>-алуучу балансын толукталгандыгы тууралуу SMS же push-билдирүү алат.**<br>** SMS-билдирүү автоматтык түрдө, ал эми эгерде телефонунузда мүмкүн болсо push-билдирүү келет.<br><br>**Компаньон тиркемесинин балансына акча которуулар дароо түшөт.** | 1.Компаньон Банкынын **ЭЛКАРТ/VISA** картасынын ээси болуу керек.<br><br>2. Жөнөтүүчүгө картага туташтырылган актуалдуу **телефон номерин** билдирүү керек. Ал номерге которуу келгендиги тууралуу SMS-билдирүү келет (Элкарт үчүн).<br><br>3. Картага түшкөн акча каражаттарын текшерүү:<br>- Компаньон тиркемесинде (Элкарт,Visa үчүн);<br>- SMS-билдирүү аркылуу (Элкарт үчүн) *.<br>* Кызматты коштуруу үчүн, Компаньон Банкынын кеңселерине кайрылуу зарыл.<br><br>**Акча которуулар алуучунун картасына жөнөтүлгөн күнү түшөт. Эгерде которуу Бишкек убактысы боюнча 17:00дөн кийин жөнөтүлгөн болсо, анда акча которуу кийинки жумуш күнү түшөт.** |

*СберБанк Онлайн тиркемесинен Компаньон тиркемесине жана ЭЛКАРТ менен VISA карталарына которууларды жөнөтүү жана алуу боюнча толук нускама менен www.kompanion.kg расмий сайтынан таанышууга болот.*